Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.

Жетим балдарды ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды мектептен чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

**4.18. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу;**

- Мектепти тандап, окуусун улатуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- Уставда аныкталган таризде мектептин башкаруусуна катышууга;
- Билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюча кайрылууга укуктуу;

**4.19. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү;**

- Балага жалпы негизги билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;
- Окуу куралдары менен толук камсыздоого;
- Сабакка убагында кечиктирүүсүз, калтырбоосуз катыштырууга;
- Мектеп жана мугалим менен тыгыз байланышта болууга;
- Балдарды сабакка сапаттуу даярдоого, көзөмөлдөөгө;
- Балдардын күч-кубатын жана психикалык ден соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;
- Баланын жана мугалимдин инсандык намысын урматтап, анын улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлактарын жана элдик салттарды, мекенин сүйүүгө, айлана-чөйрөнү урматтоого тарбиялоо;
- Мектеп уставындагы өз укуктарын жана милдеттерин аткарууга, балдарынын тарбиясына жана балдары мектепке зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө;
- Мектептен сырткары убакытта баланын жасаган кылмыштуулугу үчүн жооп берүүгө;

**4.20. Мектепти мугалимдер менен толуктоо**

Мектепти мугалимдер менен толуктоо (комплектөө) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп мектеп эсептелет.

Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому бар, тийиштүү педагогикалык квалификациясын ырастаган педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынат.
*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы № 544 токтомуна ылайык төртүнчү абзацы күчүн жоготкон)*

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык каршы көрсөтмөсү бар жарандарга мектепте иштөөгө жол берилбейт.

Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.